

# Эгемендүүлүк күнүңүздөр менен!

# Чүй баяны

*Өмүрүң жакшы, адал ишке арналсын! Жусуп Баласагын*

## VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары

## Чүй облусуна 100 жыл

CHYIBAIANU@MAIL.RU

№12 (1251), 27-АВГУСТ, 2026-ЖЫЛ
ГЕЗИТ 1991-ЖЫЛЫ НЕГИЗДЕЛГЕН

САРЫ ӨЗӨН

# ЧЫНЫГЫ ТАРЫХТЫН МУРАСЫ – АРХИВ

**Элдин басып өткөн тарыхын, мамлекеттин түптөлүшүн, коомдун өнүгүшүн тастыктаган баа жеткис мурас – архивдик документтер. «Архив» сөзү байыркы грек тилинен которгондо «сактоочу мекеме» деген түшүнүктү билдирет. Демек, архив – өткөн менен бүгүнкүнү байланыштырган, тарыхты келечек муундарга жеткирген өзгөчө маанилүү жай.**





1991-жылы Чүй облусунда архив бөлүмү ачылып, 1992-жылы архив башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн. Ошол эле жылы Чүй облустук мамлекеттик архиви уюшулган. Кийинки жылдары архив кызматы өлкөдөгү мамлекеттик башкаруу системасындагы өзгөрүүлөргө жараша бир нече ирет кайра уюштурулуп, бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Архив кызматынын Чүй региондук башкармалыгы катары иш алып барууда.

Бүгүн Чүй региондук башкармалыгы 10 борборлоштурулган архивден турган тармакты бириктирет. Анын курамында бир шаардык, сегиз райондук жана бир Суусамыр территориал-

Архивдин негизги милдети – бул баалуу мурастарды сактоо менен гана чектелбестен, жарандардын социалдык-укуктук маселелерине байланыштуу суроо-талаптарын өз убагында аткаруу. 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында Чүй региондук башкармалыгына жарандардан социалдык-укуктук мүнөздөгү 7934 суроо-талап келип түшүп, 11 313 суроо-талап, тематикалык багытта 72 суроо-талап келип түшүп, анын 78и аткарылган.

Архивди заман талабына ылайыкташтырууда санариптештирүүгө да өзгөчө көңүл бурулууда. Жыл ичинде Чүй региондук башкармалыгында 617 сактоо бирдигиндеги 85 236 барак, ал эми райондук жана шаардык архивдерде 1742 сактоо бирдигиндеги 261 111 барак сканерден өткөрүлдү.

берген эки кабаттуу жаңы имарат курулууда. Аны жыл аягына чейин пайдаланууга берүү пландалууда.

Ошол эле учурда чечилүүнү талап кылган көйгөйлөр да аз эмес. Айрыкча архив имараттарынын, документтер сакталуучу жайлардын абалы олуттуу көңүл бурууга муктаж. Документтердин көлөмү жылдан-жылга көбөйүп, сактоо жайларынын толукталуу деңгээли 120 пайызга жетти. Демек, кошумча сактоо жайларын куруу жана бир катар архивдерге капиталдык оңдоо иштерин жүргүзүү – мезгилдин талабы.

Өзгөчө Москва райондук мамлекеттик архивинин абалы тынчсыздандырат. Имараттын эскилиги жетип, жылытуу, суу жана башка шарттар талапка жооп бербейт. Дубалдар нөшөрлүү жаандан улам жабыркап, тарыхый документтердин коопсуздугуна коркунуч жаралууда. Архив үчүн жаңы имараттын качан бөлүнүп берилери азырынча белгисиз.

Архивдик документ – өтө назик жана аяр мамилени талап кылган материал. Аны сактоо үчүн тийиштүү шарт, каражат жана заманбап технология зарыл. Ошондуктан архив тармагына көңүл буруу – өткөнүбүзгө гана эмес, келечегибизге кам көрүү деген сөз.

## ТАРЫХТЫ САКТАГАН АДАМДАР

Архивдин байлыгы – анын фондорундагы документтер менен гана өлчөнбөйт. Анын артында тарыхый мурасты сактап калуу үчүн күн сайын талыкпай эмгектенген архивисттер турат.

Айлык маянанын салыштырмалуу аздыгына, иштин түйшүгүнө карабай, кесибине берилүү менен эмгектенип

Быйыл Кыргыз Республикасынын архив ишинин түптөлгөнүнө 100 жыл толуп жатат. Тактап айтканда, 1926-жылдын 30-августунда Кыргыз автономиялык облусунун аткаруу комитети «КАОдо архив ишин уюштуруу жана КАОнун территориясында мекемелердин архивдик материалдарын жөнгө салуу жөнүндө» токтом кабыл алган. Кийин эгемендүү Кыргызстанда, 1993-жылы Өкмөттүн токтому менен 30-август Архивчилер күнү катары бекитилип, бул дата өлкөбүздүн архивисттери үчүн кесиптик майрам болуп белгиленип келет.

Архивде мамлекеттик мекемелердин ишмердигин, өлкөнүн жана аймактардын тарыхын, белгилүү инсандардын басып өткөн жолун тастыктаган документтер сакталат. Алар – жөн гана эски кагаздар эмес, элдин эс тутуму, тарыхтын күбөсү. Ошондуктан архивдик мурасты сактоо – тарыхты сактоо менен барабар.

## ЧҮЙ АРХИВИНИН ТАРЫХЫ

Чүй облустук архивинин тарыхы да бир кылымга жакын мезгилди камтыйт. 1938-жылдын январында азыркы Чүй облустук мамлекеттик архивинин башаты Ворошилов райондук архиви катары документтерде кездешет. 1958-жылы Ворошилов району Аламүдүн району болуп өзгөргөндө архив да Аламүдүн райондук архиви деп аталган. Ал эми 1965-жылы Аламүдүн району Кант району болуп өзгөрүп, архив Кант райондук мамлекеттик архиви болгон.

Ошол эле жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин Архив башкармалыгынын буйругунун негизинде бир катар райондук архивдер кыскартылып, Борбордук архивдин Кант филиалы уюштурулган.

дук жана бир Суусамыр территориалдык мамлекеттик архиви бар. Бул мекемелерде 86 кызматкер эмгектенет.

## ЖАРЫМ МИЛЛИОНГО ЖАКЫН ДОКУМЕНТ – ТАРЫХТЫН ТИРҮҮ КҮБӨСҮ

Учурда Чүй региондук башкармалыгынын архивдеринде 2393 фонд боюнча 486 262 сактоо бирдиги сакталууда. Алардын ичинен 297 158и туруктуу сактоо документтери, 188 415и өздүк курам боюнча документтер, 689у жеке өздүк курамдагы документтер.

Архивдерде 1911–2020-жылдар аралыгындагы Чүй облусунун тарыхын тастыктаган документтер топтолгон. Алардын арасында облустук, райондук жана шаардык мекемелердин документтери, белгилүү инсандардын жеке архивдери, алгачкы картографиялык материалдар жана башка тарыхый баалуулуктар бар.

111 барак сканерден өткөрүлдү.

Ошондой эле башкармалык облустун тарыхын түзгөн мекеме-уюмдар менен тыгыз иш алып барат. 2026-жылга карата 256 мекеме-уюм топтоо булактарынын тизмесине киргизилип, алардын иш кагаздарын жүргүзүү, документтерди сактоо жана мамлекеттик архивге өткөрүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

## АРХИВ – КӨҢҮЛ БУРУУНУ ТАЛАП КЫЛГАН ТАРМАК

Архив кызматкерлери өздөрүнө жүктөлгөн жоопкерчиликти жакшы түшүнүп, тарыхый документтерди көздүн карегиндей сактап келишет. Акыркы жылдары бир катар архивдерде косметикалык оңдоо иштери жүргүзүлүп, кеңсе буюмдары жана документтерди сактоочу атайын кутулар алынууда. Панфилов райондук архивине республикалык бюджеттин эсебинен заманбап талаптарга жооп



келе жаткан Р. Тажибаева, К. Сазанова, С. Мураталиева, Г. Оморова, Н. Мамбетакунова, Г. Акылбекова, А. Усеналиева, Э. Атайбаева, Ч. Орунтаева, И. Халикова, В. Батракова, Ж. Ибраимова, Ч. Сабырова, Р. Алыбаева, М. Омуралиева, Э. Асаналиева, Ж. Турсунбаева жана башка көптөгөн кесиптештер архив тармагына өздөрүнүн татыктуу салымын кошуп келишет.

Ар бир архивисттин күнүмдүк эмгеги көп учурда коомчулукка байкалбайт. Бирок дал ошол адамдар жарандардын суроо-талабына жооп издеп, тарыхый документтерди иреттеп, сактап, келечек муундарга жеткирүүдө. Алардын эмгеги – тарыхты тастыктаган, элдин эс тутумун сактаган жоопкерчиликтүү кызмат.

Бүгүн архив кызматынын 100 жылдык маарекесин белгилеп жатып, анын өткөн тарыхына сыймыктануу менен бирге, келечегине да чоң үмүт артабыз. Архив – өткөндүн гана күзгүсү эмес, келечек муундар үчүн калтырылган баа жеткис мурас.

Тарых менен тагдырлаш кесиптештер! Сиздерди кесиптик майрамыңыздар – Архив кызматынын 100 жылдык маарекеси менен чын жүрөктөн куттуктайм! Ден соолук, үй-бүлөлүк бакубатчылык, ишиңиздерге ийгилик жана архив тармагынын мындан ары да өнүгүшүн каалайм.

**АРХИВДИН 100 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИ КУТ БОЛСУН!**

К.К. САЗАНОВА, Чүй региондук башкармалыгынын бөлүм башчысы